Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама 2003-жылдын экинчи кварталы үчүн

2 (8)

2003-жылдын август айы

Бишкек

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

Редакциялык Кеңеш:

Төрагасы: Абдуманапов Э.
Кеңештин мүчөлөрү: Цыплакова Л.
Абдыбалы тегин С.
Исакова Г.
Чокоев З.

Жооптуу катчысы: Бушман Ю.

Ушул басылма боюнча маалымат алуу үчүн:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
(996 3312) 66-90-59 телефону
61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: ybushman@nbkr.kg

Басылманы таратуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 66-90-09 телефону, (996 312) 61-07-30 факсы
боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http:// www.nbkr.kg

Акча-кредит саясатынын алдыга койгон максаттары жана натыйжалары жөнүндө кеңири коомчулукка маалымдап туруу "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасынын максаты. Басылмада инфляция, аны түзүүчүлөр, региондор боюнча инфляциянын динамикасына түшүндүрмөлөр жана бүтүндөй алганда, инфляция факторлорун анализдөө жана келерки кварталга инфляция боюнча болжолдоолор камтылат. Квартал сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Маалыматтарды жаңыртуунун акыркы күнү: 2003-жылдын 31-июль.

Уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөн, катталуу күбөлүгүнүн № 628.

"Банк кабарчысы" журналынын редакциясынын басма борборунда даярдалган жана басылып чыгарылган. 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 (УИА биология институтунун имараты), 3-кабат 352, 354, 355 бөл.
Телефондор: (996 312) 24-33-35, 24-38-01.
Факс: (996 312) 24-33-35
200 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2003-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету

Жылдык отчет Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө толук баяндамасы болуп саналат. Ал, экономиканын реалдуу секторунун иштеп турушунун өзгөрүшүнүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акча-кредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдарат. Өзүндө: экономикалык өнүгүү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени

Кыргыз Республикасынын реалдуу сектор, финансы сектору, тышкы сектор боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, баалар боюнча маалыматтар жана социалдык көрсөткүчтөр "Улуттук банктын бюллетенинде" камтылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Экономика Башкармалыгынын экономикалык изилдөөлөр жана анализдөө бөлүмү тарабынан даярдалат. Басылманы даярдоодо Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле, коммерциялык банктардын материалдары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар боюнча Улуттук комиссиясынын маалыматтары пайдаланылат. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

Кыргыз Республикасынын төлөө балансы

"Кыргыз Республикасынын төлөө балансы" тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденцияларды чагылдырат жана төлөө балансынын аналитикалык жана нейтралдуу формасы, тышкы сооданын структурасы, эл аралык резервдер, тышкы карыз боюнча маалыматтар жана таблицаларды камтыйт жана анда төлөө балансын түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы келтирилген. Басылма квартал сайын - январь, май айында, июлда жана октябрь айында жарыяланып турат.

Банк системасынын өнүгүү тенденциясы

Финансылык ортомчу катары Кыргызстандын банк системасынын өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды аныктоо, ошондой эле банк системасынын турукташуусунун составдык элементтерине баа берүү «Банк системасынын өнүгүү тенденциялары» басылмасынын максаты. Басылма жылдын 1-январына жана 1-июлуна карата абал боюнча кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи

"Улуттук банктын пресс-релизи" Улуттук банкта жана бүтүндөй банк системасында бир жума ичинде болуп өткөн жаңылыктарды камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмаларын алуу үчүн
Бишкек шаары Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Тышкы
жана коомдук байланыштар бөлүмүнө,
(996 312) 66-90-09 телефону
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
http://www.nbkr.kg

МАЗМУНУ

1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ 5

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1.1. АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ 7

2.1.2. АЗЫК-ТҮЛҮКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР 8

2.1.3 КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР 8

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ 9

3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ 10

3.1. АКЧА АГРЕГАТТАРЫ 10

3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ 10

3.1.2. М2 АГРЕГАТЫ 10

3.1.3. М2Х АГРЕГАТЫ 10

3.2. ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАР 11

3.2.1. АКЧА РЫНОГУНУН ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАРЫ 11

3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗНА ВЕКСЕЛДЕРИ 11

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ 12

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ 14

3.4.1. ТАЗА ЭКСПОРТ 15

3.4.2. ИЧКИ СУРОО-ТАЛАП 17

3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР 18

3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР 19

3.4.2.3. ИНВЕСТИЦИЯЛАР 19

3.4.3. ӨНДҮРҮЛҮП АЛЫНГАН ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ 19

4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА–КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 20

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 20

4.2. АКЧА-КРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 20

4.3. 2003-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ КВАРТАЛЫ ИЧИНДЕГИ ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ ИЛИКТӨӨЛӨР ЖАНА 2003-ЖЫЛДЫН ҮЧҮНЧҮ КВАРТАЛЫНА КАРАТА ИНФЛЯЦИЯЛЫК БОЛЖОЛДООЛОР 21

1. 1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДЕ УЧУРДА ТҮПТӨЛГӨН ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Үстүбүздөгү жылдын биринчи жарым жылдыганда ички дүң продуктынын өсүш арымы, өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына караганда 2,3 процентти түзгөн. Өнөр-жайында кошумча нарк 2,5 процентке өскөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу "Күмтөр" комбинатын эске албаганда, анын көлөмү 14 процентке көбөйгөн. Өнөр-жайында кошумча наркка негизги салымды тамак-аш өнөр жайы жана электрэнергетика кошкон. Айыл-чарба продукциясын өндүрүү 3,4 процентке кыскарган.

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2003-жылдын экинчи кварталында соода балансынын терс сальдосу калыптаган. Мунун негизги себебинен болуп, алыскы чет өлкөлөргө экспорттун кыскаруусу жана импорттун бир аз көбөйүүсү саналат. Салыштырмалуу чекте импорттун эң эле чоң өсүшү аралык товарлары жана мунайзаттар боюнча катталган. Абсолюттук мааниде алганда импорттун максималдуу көлөмү керектөө товарларына туура келет.

Сомдун АКШ долларына карата чыңдалуу тенденциясы андан ары уланган. Үстүбүздөгү жылдын баш жагынан тартып доллардын курсу 10,7 процентке төмөндөгөн. Мында, 2003-жылдын экинчи кварталы ичинде долларлардын курсунун төмөндөөсү 9,7 процентти түзгөн. Сомдун курсунун чыңдалышы чет өлкө валютасынын агылып кирүүсүнүн, эл аралык финансы рыногундагы туруксуздугунун жана банктардагы ликвиддүүлүктүн бир аз тартыштыгынын натыйжасында жүргөн. Сомдун реалдуу эффективдүү курсу же улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү анчалык деле өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциясынын артып турушу Кыргызстанга караганда сакталып турган.

Улуттук валютага туруктуу суроо-талап сакталып туруда. Акча агрегаттары, былтыркы жылга караганда акырындык менен болсо да, өсүүсүн уланткан. Улуттук банк тарабынан чет өлкө валютасын таза са0тып алуу 9,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Акча рыногунун инструменттеринин жана мамлекеттик казна векселдери рыногунун кирешелүүлүгү бир азга көбөйгөн. Кирешелүүлүктүн артышы банк системасынын ликвиддүүлүгүнүн абалы менен байланыштуу. Улуттук банктын ноталары боюнча бардык аукциондор өткөрүлбөгөн катары таанылган, анткени, аларды өткөрүү үчүн катышуучулардын саны жетишсиз болгон.

Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталы ичинде инфляция жарым процентти түзгөн. Апрель-май айларындагы керектөө баларынын өсүшүнүн бир аз ылдамдоосу, өткөн жылда топтолгон түшүм азайып, ал эми аба ырайынын начар болуусунан жаңы алынуучу түшүм кечеңдегендиктен жүргөн. Азык-түлүктөн башка товарлар-

га жана кызмат көрсөтүүлөргө баа төмөндөгөн. Күйүүчү-майлоочу материалдарга аксиздик ставкаларынын төмөндөшү жана улуттук валютанын курсунун чыңдалышы мунун себебинен болгон. Акча агрегаттары жана инфляциянын динамикасы керектөө бааларынын өсүшүнүн монетардык эмес мүнөзүн тастыктап турат.

Инфляция, 2003-жылдын биринчи кварталында күтүлүп жаткандагыга караганда, бир канча төмөн түптөлгөн. Июнь айында болуп өткөн азык-түлүк товарларына баанын кескин төмөндөөсү прогноздун фактыдан четтеп кетүүнүн негизги себеби болгон. Сезондук фактор олуттуу олку-солкулукка дуушар болгон, муну болжолдоп көрүүгө да мүмкүн эмес. Бирок, бүтүндөй алганда инфляция, Улуттук банктын 2003-жылга карата билдирүүсүндө каралган чекте калууда. Үстүбүздөгү жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын деңгээлинин экинчи кварталдагыга караган 1,3-1,5 процентке төмөндөөсү күтүлүүдө.

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

Керектөө куржунундагы эң ири салыштырмалуу салмакты азык-түлүк товарлары ээлейт. Демек, айрыкча, азык-түлүк товарларына баанын олку-солкулугу инфляциянын динамикасын аныктайт. Тамак-аш продуктыларына баалар сезондук факторлордун олутуу таасирине дуушар болушкан. 2002-жылдагы жашылча-жемиштерге түшүмдүн бир кыйла төмөн болуусу жана аба-ырайынын кесепетинен 2003-жылы себүү иштеринин мөөнөтүнүн 15-20 күнгө кармалуусунан улам, үстүбүздөгү жылы азык-түлүк товарларынын баасынын сезондук жогорулоосу күчөгөн. Үстүбүздөгү жылдын апрель-май айларында сезондуулук жана 2003-жылдагы түшүмдүн кечигүүсүнүн таасири алдында баалардын секириши (скочок) байкалган. Июнь айында базарларга жаңы түшүм келип түшө баштаган, бул азык-түлүк товарларына баанын төмөндөөсүнө жана керектөө баларынын арымынын басаңдашына алып келген.

Азык-түлүктөн башка товарларга жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалар 2003-жылдын экинчи кварталы ичинде төмөндөгөн. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын төмөндөөсүнүн факторунун бири болуп, улуттук валютанын курсунун чыңдалышы саналат.

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, 2003-жылдын экинчи кварталы үчүн инфляция 0,5 процентти түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде керектөө баасынын өсүш арымы 2,2 процентке жеткен эле.

1-график: КБИнин жылдык динамикасы



2-график: КБИнин структурасы



2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2.1.1. АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ

Азык-түлүк товарларынын тобунда баалар 1,7 процентке өскөн. Жашылча-жемиштер тобундагы продукцияларга баанын өсүшү мунун негизги булактарынан болуп калган. Өткөн жылы жашылча-жемиштерге түшүмдүн 3,5 процентке төмөндөшү белгиленген. Бул, 2003-жылдын экинчи кварталындагы жашылча-жемиштердин запастарынын жана сунуштун кыскаруусуна алып келген, мунун негизинде аларга баа 14,9 процентке өскөн. Эт жана эт азыктарына баанын өсүшү сакталып калуу менен 2,1 процентти түзгөн. Кант жана кондитер азыктары 1,9 процентке кымбат болуп калган. Сүт азыктары, сырлар жана

3а графиги: Азык түлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



3б графиги: Азык түлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



жумурткалар 7,7 процентке арзандаган.

2.1.2. АЗЫК-ТҮЛҮКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР

Азык-түлүктөн башка товарларга баанын индекси 2003-жылдын экинчи кварталында 1,2 процентке кыскарган. Анын динамикасына күйүүчү-майлоочу материалдарга акциздик ставкалардын төмөндөшү, сомдун алмашуу курсунун чыңдалуусу жана азык-түлүктөн башка товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун көбөйүүсү таасирин тийгизген. Бензинге баа 11 процентке азайган, ал эми газга жана отундун башка түрлөрүнө, фармацевтика продукциясына баа тиешелүүлүгүнө жараша 1,1 жана 0,8 процентке ар-

4а графиги: Азык түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы



4б графиги: Азык түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы

зандаган.

2.1.3. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

Калкка акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүнүн индекси, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 0,1 процентке төмөндөгөн. Сомдун алмашуу курсунун чыңдалуусунун натыйжасында, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын төмөндөшү жүргөн жана ал 2,9 процентти түзгөн. Ошондой эле, ушул топко кирген мейманканаларды тейлөөгө баалар да 1,2 процентке төмөндөгөн.

5а графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы



5б графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы



2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ

Республика боюнча алынган инфляцияга караганда, үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталында көптөгөн региондордо керектөө баалары озгон темпте өскөн. Ошентип, Баткен, Нарын жана Талс областтарында керектөө бааларынын өсүшү 2,5 проценттен ашкан. Ош областты баанын 1,2 процентке төмөндөшү катталган биоден-бир регион болуп саналат. Бишкек шаары инфляцияга айрыкча түртқу берген. Керектөө бааларынын өсүшү бул жерде 0,4 процентти түзгөн, бул, иняфляциянын республикалык деңгээлине дээрлик төп келет.

6а графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы



6б графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы



3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ

3.1. АКЧА АГРЕГАТТАРЫ

7-график:
Акча агрегаттарынын жылдык динамикасы



Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталында акча агрегаттары өсүш динамикасын сактап калган. Улуттук банктын валюта интервенциялары жана бюджеттик операциялар акча сунушунун жогорулашына олуттуу таасирин тийгизген. Банк системасынын депозиттеринин кыскаруусу жүргөн. Негизинен, агылып чыгуу чет өлкө валютасындагы депозиттерге туура келген жана ал АКШ долларынын курсунун төмөндөөсү менен шартталган.

3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ [1]

2003-жылдын экинчи кварталында акча базасы 7,1 процентке көбөйгөн. Өткөн жылдын июнь айындагыга салыштырганда акча базасынын өсүшү 36,7 процентти түзгөн. Акча базасы Улуттук банктын жана бюджеттин операцияларынын эсебинен өскөн. Эң олуттуу өсүш апрель айында белгиленген, бул бюджеттин чыгашаларынын анын кирешелеринен артып турушу менен түшүндүрүлөт. Үстүбүздөгү жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Улуттук банктын дүң резервдери акча базасынын 161 процентин жабат.

Акча базасынын структурасында жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 2003-жылдын июнь айынын акырындагы 96 процентке жеткен. Коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик счетторундагы каражаттардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 4 процентти түзгөн. Жүгүртүүдөгү акчалар 8,8 процентке жогорулаган.

3.1.2. M2 АГРЕГАТЫ

Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталында M2 акча агрегаты 6,9 процентке көбөйгөн. Жылдык мааниде алганда M2 35,3 процентке өскөн. Улуттук валютадагы депозиттердин 1,9 процентке кыскаруусу жүргөн, мында, юридикалык жактардын эсептик счетторундагы каражаттардын калдыгы 3,2 процентке кыскарган, ал эми мөөнөттүү депозиттер 0,3 процентке азайган.

3.1.3. M2X АГРЕГАТЫ

2003-жылдын экинчи кварталы ичинде M2X акча агрегатынын көлөмү учурдагы алмашуу курсу боюнча 3,6 процентке көбөйгөн. Банктардан тышкаркы накталай акчалардын өсүшү коммерциялык банктардан де-

[1] Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы депозиттерин эске алуусуз.

позиттердин 5,1 процентке агылып чыгуусу менен шартталган. Чет өлкө валютасындагы депозиттер учурда түптөлгөн курс боюнча 7 процентке төмөндөгөн, бул кандайдыр бир деңгээлде улуттук валютанын чыңдалуусу менен шартталган.

Акча массасы М2Хтин структурасында төмөнкүдөй өзгөрүүлөр жүргөн:

- банктардан тышкаркы накталай акчанын үлүшү 1,8 проценттик пунктка көбөйүү менен 64,2 процентти түзгөн;
- улуттук валютадага депозиттердин үлүшү 0,9 проценттик пунктка кыскаруу менен 12,5 процентке жеткен.

3.2. ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАР

3.2.1. АКЧА РЫНОГУНУН ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАРЫ

8-график: Улуттук банктын учеттук ставкасы, банктар арлык кредит рыногунун жана РЕПО операциялары боюнча проценттик ставкалары



Апрель айынан тартып май айынын акыркы он күнүнүн аралыгында банктар аралык кредит рыногунун көпчүлүк бүтүмдөрү 4 проценттик ставка боюнча келишилген. Май айында жүргөн керектөө бааларынын өсүш арымынын жогорулоосу, ошондой эле банк системасынын ликвиддүүлүгүнүн июль айындагы төмөндөөсү проценттик ставкалардын айрым бир өсүшүнө алып келген. РЕПО операциялары боюнча сом түрүндөгү кредиттик ресурстардын наркы кварталдын баш жагындагы 4 проценттен анын акырындагы 4,2 процентке, ал эми кредиттер боюнча 4 проценттен 4,4 процентке чейин көбөйгөн. Банктар аралык кредит рыногундагы чет өлкө валютасындагы операциялар боюнча проценттик ставкалар квартал ичинде бүтүмдүн мөөнөтүнө жана күрөөлүк камсыздоого жараша 4 проценттен 11 процентке чейинки чекте өзгөрүп турган.

Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча бардык аукциондор катышуучулардын санын жетишсиздигине байланыштуу өткөрүлгөн эмес. Финансы рыногунун башка сегменттериндеги инструменттерге караганда бул инструменттердин кирешелүүлүгү аз болуп калгандыгына байланыштуу биринчилик дилерлер ага катышышкан эмес. Жыйынтыгында, бүтүндөй экинчи квартал ичинде учеттук ставканын мааниси туруктуу болуу менен 3,99 процентти түзгөн.

3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗНА ВЕКСЕЛДЕРИ (МКВ)

Банк системасынын ликвиддүүлүгүнүн экинчи кварталдагы кыскаруусу коммерциялык банктардын мамлекеттик казна векселдерине карата суроо-талабынын төмөндөөсүнө алып келген. Алсак, мамлекет-

тик казна векселдери боюнча бир аукциондогу суроо-талаптын орточо көлөмү 42,9 млн. сомду түзгөн, бул биринчи кварталдагыга караганда 25 процентке төмөн.

Инфляциянын апрель жана май айларындагы айрым жогорулоосу шартында МКВга суроо-талаптын төмөндөөсү кирешелүүлүктүн акырындык менен өсүшүнө алып келген. Жыйынтыгында, экинчи квартал ичинде жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВ боюнча кирешелүүлүк 6 проценттен 9,5 процентке, жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон МКВ боюнча 7,1 проценттен 12,4 процентке, ал эми жүгүртүү мөөнөтү он эки ай болгон МКВ боюнча 8 проценттен 13,2 процентке чейин көбөйгөн. МКВнын баардык түрлөрү боюнча проценттик ставкалардын орточо салмактанып алынган деңгээли апрель айынын баш жагындагы 7,5 проценттен июнь айынынын акырындагы 12,8 процентке чейин жогорулаган. Финансы министрлигинин МКВны сатуу структурасын өзгөртүүсү кирешелүүлүктүн өсүшүнө түрткү берген. Экинчи кварталда ал, кирешелүүлүгү жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон векселдердин кирешелүүлүгүнөн артып турган, жүгүртүү мөөнөтү алты жана он эки ай болгон МКВнын эмиссиясынын көлөмүн көбөйткөн.

Жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВ боюнча кирешелүүлүк 2003-жылдын биринчи кварталы ичинде жыл башындагы 7 проценттен биринчи жарым жылдыктын аяк жагындагы 9,5 процентке чейин, жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон МВК боюнча 10,3 проценттен 12,4 процентке, ал эми жүгүртүү мөөнөтү он эки ай болгон МКВ боюнча 12,4 проценттен 13,2 процентке чейин жогорулаган. МКВнын баардык түрлөрү боюнча проценттик ставкалардын орточо салмактанып алынган деңгээли жыл башындагы 9,9 проценттен июнь айынын акырындагы 12,8 процентке чейин өскөн.

9-график: МКВ кирешелүүлүгүнүн динамикасы



3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

Апрель-май айларында валюта рыногунда улуттук валютанын курсунун АКШ долларына карата чыңдалуусу байкалган. Айрым учурларда (апрель айынын биринчи жумасы жана май айынын орто чени) чет өлкө валютасын рынокто сунуш кылуунун басымдуу жогорулоосуна байланыштуу доллардын курсунун төсөндөөсү тездеген.

Июнь айынын орто ченинен тартып дүйнөлүк рыноктордо конъюнктуранын өзгөрүүсү жана банктардагы валюталардын калдыктарынын төмөндөшү таасири алдында улуттук валютанын чыңдалуусу токтогон. Жыйынтыгында банктар арылык валюта тооруктарында доллардын курсу 41,3992 сом/долларга, ал эми алмаштыруу бюролорунда 40,88 сом/долларга чейин өскөн. Бул учурда Улуттук банк

10-график: 2001-2002-жылдар ичинде банктар аралык валюта рыногундагы доллардын курсунун өсүш арымдары



АКШ долларын сатуу боюнча интервенцияларды жүзөгө ашырган, бул курстун туркташуусуна алып келген. Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталы ичинде сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсу 9,7 процентке, биринчи жарым жылдыкта 10,7 процентке чыңдалган. Өткөн жылдын ушул эле мезгилдеринде сомдун курсу тиешелүүлүгүнө жараша, 3,8 жана 3,3 процентке чыңдалган.

Банктар аралык валюта тооруктрындагы операциялардын жалпы көлөмү 2003-жылдын экинчи кварталында 26 млн. долларды түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 49 процентке көп. Мында, коммерциялык банктардын ортосундагы бүтүмдөргө операциялардын жалпы көлөмүнүн 53 проценти туура келет. Үстүбүздөгү жылдын биринчи жарым жылдыгында коммерциялык бактарда жана алмаштыруу бюролорунда евронун калдыктарынын көбөйүүсү катталган, алар 5,8 млн. еврого жетүү менен жыл башындагыга салыштырганда 3 эседен көбүрөөккө өскөн. Евронун курсу, айрыкча экинчи кварталда, инвесторлордун дүйнөлүк жана ички рыноктордо артыкчылык берүүсүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу, басымдуу олку-солкулукка дуушар болгон. Экинчи квартал ичинде евронун учеттук курсу 47,0046 сом/еврого чейин же 3,9 процентке кыскарган. Алмашуу бюролору аркылуу еврону сатуу курсу 48,13 сом/евродон 47,10 сом/еврого чейин же 2,1 процентке кыскарган.

Сомдун эффективдүү курсу номиналдык мааниде алганда 2003-жылдын экинчи кварталы ичинде 5,5 проценке чыңдалган. Үстүбүздөгү жылдын баш жагынан тартып сомдун номиналдуу эффективдүү курсу 6,5 процентке чыңдалган. Мунун түшүндүрмөсү болуп: (1) эл аралык финансы рынокторунда негизги валюталарга карата АКШ долларынын таасиринин басаңдоосу; (2) ички рыноктордо чет өлкө валютасына суроо-талаптын сезондук төмөндөөсү; (3) чет өлкө валютасынын агылып кирүүсү саналат. Сомдун реалдуу эффективдүү курсу, үстүбүздөгү жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 4,4 процентке чыңдалган. 2003-жылдын экинчи кварталы ичинде чыңдалуу 4,6 процентти түзгөн. Сомдун реалдуу эффективдүү курсунун туруктташуусу төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт: 2003-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата анын маанисинин 1997-жылдын башталышынан берки мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөн улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулоосу жагына жантаюусу 3,2 процентти түзөт. Эгерде анализдөөдөн 1998-1999-жылдардагы финансылык туруксуздук мезгилиндеги курстун кескин өзгөргөндүгүн алып сала турган болсок, анда сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөөсүнө карата максималдуу ык коюу 8 процентти, ал эми сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн чыңдалуусуна ык коюу 1 процентти

11-график:
Сомдун эффективдүү курсунун индекси



түзгөн[2]. Ошентип, улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү жогоруда белгиленген олку солкулуктан кийин мурдагы калыбына келгендиги байкалып турат. Аталган көрсөткүчтүн динамикасы реалдуу эффективдүү алмашуу курсу туруктуулукту сактап жана экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизбегендигин айгинилеп турат.

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталында инфляциянын жана алмашуу курсунун динамикасы нормалдуу абалга келген: сомдун чыңдалуусу инфляциянын төмөндөөсүнө ылайык келген. Улуттук валютага карата туруктуу суроо-талап сакталып тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Акчага суроо-талаптын негизги индекаторлору катары алмашуу курсу жана инфляция чыгууда. Алмашуу курсу экономиканын тышкы тең салмактуулугун же валюта рыногундагы балансты мүнөздөйт. Инфляция ички тең салмактуулукту же товарлар рыногундагы тең салмактуулукту чагылдырат. Улуттук валютанын курсунун чыңдалуусу жана инфляциянын төмөндүгү инфляциянын монетардык эмес факторлорунун басымдуу болуп турушун тастыктоодо. Өткөн бир нече жылдар аралыгында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер, биринчи кезекте электрэнергиясынын тарифтери негизги салымды кошуп келген. Карооо алынып жаткан жылы электрэнегияны керектөөгө тарифтер өзгөргөн эмес, демек, тамак-аш продукцияларын өндүрүү жана керектөө менен байланыштуу болгон сезондук фактор жана өткөн жылдын түшүмүнүн көлөмү негизги ролду ойногон.

Инфляциянын монетардык эмес мүнөзү жана улуттук валютага туруктуу суроо-талап, кандайдыр бир деңгээлде чогуу алгандагы суроо-талап эмгек акынын деңгээли менен токтолуп тургандыгы жөнүндө корутунду чыгарууга түртkү берет. Республикада эмек акы КМШ өлкөлөрүнүн ичинен төмөнкү деңгээлде турат. Республикада, орточо эмгек акынын учурдагы деңгээли болжол менен 34-35 АКШ долларына жакынды гана түзөт. Салыштыруу үчүн алсак - алдынкы өлкөлөр Казакстан жана Россияда - бул көрсөткүч 130-140 АКШ долларына жетет. Ушул шартта бюджет чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу инфляциянын күчөшүнө алып келбейт. Ал эми, республиканын экспортунун баалык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосуна байланыштуу башка бир кооптонуунун эч кандай негизи жок. Соодалык тоскоолдуктардын орун алып турушу шартында да товарлардын экспортунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү сакталып калууда.

Чогуу алгандагы суроо-талапты кеңейтүү проблемасы көбүнесе, экономиканын структурасын реформало-

[2] Финансылык оорчулук мезгилин эске албаганда төмөндөө жана сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн чыңдалуусуна карата масималдуу жантаюу тиешелүүлүгүнө жараша, 15 жана 22 процентке жеткен.

ого, биринчи кезекте турак-жай коммуналдык чарбаны реформалоого барып такалат. Бир жагынан алып караганда, электрэнергиясын өндүрүүчүлөр экономиканын калган бөлүгүн субсидиялайт. Адистердин берген баасы боюнча электрэнергетикасынын квази-фискалдык тартыштыгы ички дүң продукциясынын 10 процентинен ашкан. Экинчи жагынан алып караганда, техникалык жактан жоготуулардын жана төлөбөй коюулардын деңгээли жогору бойдон калууда. Эмгек акынын төмөндүгү бааны административдик жөнгө салунун сакталып турушунун кесепети болуп саналат деген жагдай келип чыгууда. Ошону менен бирге эле, баанын административдик жөнгө салынышы социалдык адилеттүүлүктүн сакталышынын зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт. Чындык,айтылып жүргөндөй ортодон жаралат.

Албетте, тарифтерди жөн эле жогорулатуу проблеманын чечилишине алып келбейт. Дал ошондуктан, терең структуралык реформаны жүргүзүүнүн зарылчылыгы келип чыгууда. Сөз эң оболу, тарифтерди чыгымдардын деңгээлине келтирүү сөзсүз боло турган нерсе. Бирок ал, эмгек акыны реформалоо, экономиканын рыноктук секторун кеңейтүү менен бекемделүүгө тийиш. Ошентип, структуралык реформалар эки жакка тең -чогуу алгандагы сунушка жана чогуу алгандагы суроо-талапка да таасирин тийгизүүгө тийиш. Чогуу алгандагы суроо-талапты жана сунушту инфляциялык эмес кеңейтүү туруктуу экономикалык өсүшкө жетишүүдөгү резервдин бири болуп саналат.

3.4.1. ТАЗА ЭКСПОРТ

Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын сальдосу алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2003-жылдын экинчи кварталында 34,5 млн. АКШ долларында терс чыккан. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин акырына карата анын мааниси 0,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн. Тышкысоодалык жүгүртүү 279,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдын экинчи кварталына салыштырганда 11,9 процентке көп. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 25,1 процентке, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 2,2 процентке көбөйгөн.

ФОБ баасындагы *товарлардын экспорту* 2003-жылдын экинчи кварталында өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2,1 процентке кыскарган. КМШ өлкөлөрүнө экспорт 9,6 процентке көбөйгөн, ал эми алыскы чет өлкөлөргө 7 процентке азайган. Алтындын экспорту бир азга эле - 45,8 млн. АКШ долларынан 46,4 млн. АКШ долларына өскөн. Алтынды эске албаганда, соода балансынын башка статьяларынын экспорту 4,1 процентке кыскарган, бул товарлардын сырьелук топторунун экспортунун көлөмүнүн төмөндөөсү менен шартталган.

Эгерде, экспорттун функционалдык структурасын кароого алсак, сырьедон тышкары, бардык функционал-

дык топтор боюнча өсүш жүргөн. Демек, бул топтор боюнча нарктык көрсөткүчүндө жана структурадагы салыштырмалуу салмагында экспорттун көбөйүүсү сакталып калууда. Тигилүү кийимдердин, спорттук шаймандардын, сүт жана сүт азыктарынын экспортунун өсүшү жүргөн, бул керектөө товарларынын экспортунун 33,5 процентке өсүшүн шарттаган. Энергопродукциялардын экспорту 30,8 процентке өскөн, бул, коалициянын аскер базасы үчүн авиациялык керосинге керектөөнү канааттандыруу менен шартталган. Аралык товарлардын экспортунун 12,5 процентке артышы алтындын, күмүштүн, түстүү металлдардын, айнек, шифер жана цемент киргөн курулуш материалдарын ташылып кетүүсүнүн артышына байланыштуу болгон.

12-график: Соода балансы



Товарлардын экспортун географиялык бөлүштүрүүдө алдынкы позицияны алыскы чет өлкөлөр сактап калууда жана алардын үлүшү 66,9 процентти түзөт. Негизинен, алтын экспорттолгон Бириккен Араб Эмираттарынан тышкары экспорттун эң ири көлөмү Канадага, Швейцарияга жана Кытайга туура келет. Алыскы чет өлкөлөргө экспорт 5 процентке азайган, ал эми КМШ өлкөлөрүнө 7,9 процентке көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен негизги экспорттук өнөктөштөрдөн болуп Россия, Казакстан жана Өзбекстан калууда. Тажикстанга товарлардын экспортунун эки эседен көбүрөөкө жогорулагандыгы катталган, бул негизинен, аталган мамлекетке электрэнергияны берүүнүн артышына байланыштуу болгон. Бул республикага курулуш материалдарын (цемент, шифер жана айнек), сүт азыктарын жана бал муздактарды ташып кетүүнүн артышынын себебинен Казакстанга экспорттук берүүлөр 33 процентке өскөн.

ФОБ баасындагы *товарлардын импорту*, алдынала маалыматтар боюнча 26 процентке өскөн. Импорттун көлөмүнүн артышы КМШ өлкөлөрүнөн 33,4 процентти, ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн - 16,9 процентти түзгөн. Нарктык мааниде алып караганда импорттун эң ири көлөмү керектөө товарларына туура келет. Импорттун өсүшү, сырьену эске албаганда, функционалдык структуранын бардык статьялар боюнча жүргөн. Өсүш арымдарынын артышы аралык товарларга жана энергопродуктыларына туура келген. Карооо алынып жаткан мезгилде аралык товарлардын импорту эки эседен көбүрөөкө көбөйгөн жана 59 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул категория боюнча товарлардын агылып кирүүсүнүн өсүшү кара металлдардын прокаты сыяктуу эле, жүк ташуучу автомобилдерге шиналар, азот жер семирткичтери жана лактоочу жана сырдоочу продукциялар сыяктуу товарлардын түрлөрү боюнча жүргөн.

Импортту географиялык бөлүштүрүүдө 54,7 процент КМШ өлкөлөрүнө туура келет. Бул жерде, Россия жана Казакстан эң чоң үлүштү ээлешет. Россиядан импорт республикага автомобиль бензиндерин, авиация керосинин, лактоочу жана сырдоочу продукцияларды, шокалад таттууларын жана жыгач таарындыларынан алынган материалдарды берүүлөрдүн артышынын эсеби-

нен 50,8 процентке өскөн. Казакстандан импорт 56,2 процентке көбөйгөн, бул коңшу республикадан кант, сигарет, өсүмдүк май, кара металлдардын прокаты жана сыраларды ташып келүүлөр менен түшүндүрүлөт. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен товарларды негизги берүүчүлөрдөн болуп, мурдагыдай эле Кытай, АКШ, Германия жана Түркия мамлекеттери калууда.

3.4.2. ИЧКИ СУРОО ТАЛАП

Ички суроо-талап бирдей эмес мүнөзгө ээ. Бул, биринчи кезекте, калктын ар кайсы категорияларынын кирешелеринин ортосундагы олуттуу ажырым сакталып туруусу менен байланыштуу. Белгилүү болгондой эле, калктын кирешеси аз категориясы, колунда болгон кирешесин пайдаланып, алардын кандайдыр бир акча топтоого мүмкүнчүлүгү жок. Калктын басымдуу бөлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Бул керектөө товарлардын гана чөйрөсүн өзүнө камтыйт. Экономикалык теориядан белгилүү болгондой эле, керектөө мультипликация эффектин жаратышы мүмкүн. Ал, керектөөнүн бир бирдикке көбөйүүсү бир нече эсеге арткан жыйынтыкка алып келет. Башкача айтканда, эгерде сиз кандайдыр бир товарды сатып алууга бир сом сарптаган болсоңуз, чогуу алгандагы суроо-талап бир сомдон көбүрөөккө көбөйөт.

Мультипликация механизми инвестициялык ишкердик менен тыгыз байланышта. Өсүп келе жаткан чогуу алгандагы суроо-талапты канааттандыруу үчүн инвестиция талап кылынат. Инвестицияны арттыруу өз кезегинде чогуу алгандагы суроо-талапты күчөтүүгө, ал эми ал мурдакы инвестициялардын натыйжасы катары товар чыгаруунун кеңейүүсү жана киреше менен чыңдалат. Арттыруу же мультипликация, товар чыгаруунун көлөмү жана суроо-талап тең салмактуу деңгээлге жеткенге чейин жүрүп олтурат.

Мультипликация эффекти акселерация эффектиси менен толукталат. Чогуу алгандагы суроо-талаптын жана товар чыгаруунун кеңейиши экономикадагы кирешенин жогорулоосуна алып келет. Ири киреше кошумча керектөөнү түшүндүрөт, башкача айтканда акселирация эффекти мультипликация эффектин толуктайт жана күчөтөт.

Ушул ой-жүгүртүүдөн бир канча жоболор келип чыгат. Эгерде, автономдук керектөө, башкача айтканда кирешенин чогуу алгандагы деңгээлинен көз каранды болбогон керектөө, төмөнкү деңгээлде турса, мультипликация эффекти жокко эсе. Эгерде керектөө структурасында басымдуу үлүш импортко туура келсе, мультипликация эффекти олуттуу төмөндөйт. Эгерде кандайдыр бир себептерден улам калктын өздүк жыйымдары инвестицияга трансформацияланбаса, бул жерде да мультипликация эффекти жокко эсе. Өндүрүлгөн продукция сатып өткөрүлүүгө тийиш, андай болбосо жүгүртүүдөн таптакыр жоголгон каражаттар алынып салынат.

Демек, мультипликатор-акселератор эффекти таасир көрсөтүүсү үчүн бир катар шарттарды аткаруу зарыл. Биринчиден, автономдук керектөөнүн деңгээлин жогорула-

туу же жакырчылыкты кыскартуу талап кылынат. Жакыр жашаган калктын үлүшү басымдуу болгондуктан, кирешеси төмөн болгон калктын суроо-талабына түрткү берүү эң чоң эффект бериши мүмкүн. Экинчиден, реалдуу орун алып турган суроо-талапты канааттандырууга багытталган, ички өндүрүштүн өнүгүшү мультипликация эффектине өбөлгө түзөт. Жергиликтүү товарларга карата суроо-талапка түрткү берүүгө административдик чаралар менен жетишүүгө мүмкүн эместиги айдан ачык. Эгерде суроо-талап түптөлсө, ал эми жергиликтүү товарлар калктын артыкчылык берүүсүн канааттандырбаса, импорттун арттырылышы гана жүрүшү мүмкүн. Бул, керектөөчүнүн суроо-талабына түткү берип, структуралык реформалар менен чыңдалышы керек дегенди түшүндүрөт, ал эми экономикалык сектордун рыноктук өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Үчүнчүдөн, ишенимдүү жана өнүккөн финансы рыногунун болушу зарыл.

Эгерде, экономикада инвестиция деңгээли жетишсиз болсо, сактык каражаттар толук өлчөмүндө пайдаланылбайт, экономикадагы ресурстардын бөлүгү жөн гана жүгүртүүдөн аланыт. Өздүк жыйымдар инвестициялардан артып турушу чогуу алгандагы суроо-талаптын жетишсиздигин түшүндүрөт жана анын натыйжасында өндүрүлүп алынган киреше потенциадууга караганда төмөнкү деңгээлде.

Эксперттердин расмий эмес баа берүүлөрү боюнча республикадагы жумушсуздуктун деңгээли эмгек ресурстарынын 20 проценти деңгээлинде турууда. Мунун себептеринен болуп, капиталдын - өндүрүштүк жана финансылык таршытыгы байкалууда, ошондой эле финансы рыногунун жетишээрлик өнүкпөгөндүгү саналат. Финансылык отомчулуктун жетиштүү деңгээлде боло албай жаткандыгы, өздүк жыйымдардын инвестицияларга трансформациялануу мүмкүнчүлүгүн чектөөдө.

Инвестициялардын эффективдүүлүгү көз карашынан алганда, инвестициялардын негизги массасы өнөржайга багытталгандыгын байкоого болот, ал эми ошол эле учурда айыл-чарбасына алда канча аз каражат жумшалган. Ошондой болсо да, айыл-чарбасы, үстүбүздөгү жылды эске албаганда, ички дүң продуктынын өсүшүнө негизги салымын кошууда. Бул факт, өнөр-жай эффективдүүлүгү төмөн сектордон болуп калуусун түшүндүрөт.

Учурда, инвестициянын негизги үч булагы бар: мамлекеттик инвестициялар программасы, тике жана портфелдик инвестициялар жана калктын жана ишканалардын каражатынын эсебинен инвестициялар. Мамлекеттик инвестициялар программасынын ресурстары негизинен, экономикалык жана социалдык инфраструктураларды өнүктүрүүгө жана колдоого пайдаланылат. Инвестициянын калган эки булагы өндүрүштүк багыттуулукка ээ.

Жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү эске алуу менен кирешеси аз калктын керектөөлөрүнө түрткү берүүгө багытталган чараларды көрүү менен жетишээрлик камсыз болгон калктын өздүк жыйымдарын мүмкүн болушунча натыйжалуу пайдаланууга аракеттенүү керек деген жыйынтык чыгарууга болот.

3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР

Улуттук статистика комитетинен алдын-ала алынган маалыматтары боюнча калктын акчалай кирешелери 2002-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 2003-жылдын биринчи жарым жылдыгында 6,3 процентке өскөн. Мында, колдо болгон реалдуу киреше 2,7 процентке өскөн. Калктын акчалай чыгашалары 7,4 процентке көбөйгөн. Чекене товар жүгүртүү 10,1 проценттик өсүшкө ээ болгон.

3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2002-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 15,2 процентке өскөн. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 7 процентке көбөйгөн. Эмгек акыларды төлөөгө чыгашалардын өсүшү 2,8 процентти түзгөн. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, капталдык салымдар жана бюджеттик каражаттардын эсебинен ремонттоого байланыштуу чыгашалардын статьялары олуттуу кыскарууга дуушар болгон. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялардын көлөмү дээрлик 21 проценке азайган. Капиталдык салымдарга жана ремонтоого 2002-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 0,9 процентке аз каражат жумшалган.

3.4.2.3 ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Улуттук статистика комитетинин ыкчам маалыматтарына ылайык, капиталдык салымдардын көлөмү 2003-жылдын биринчи жарым жылдыгында өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 6,4 процентке кыскарган. Капиталдык салымдардын негизги булактарынан болуп ишканалардын, калайык-калктын каражаттары жана тышкы ресурстар калууда.

3.4.3. ӨНДҮРҮЛҮП АЛЫНГАН ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ

Ички дүң продук 2003-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2,3 процентке көбөйгөн. Акыркы жылдардын кирешелеринин өсүшүнүн негизги булагынан болгон айыл-чарбасында 3,4 процентке түшүү катталган. Өнөр-жай продукцияларын өндүрүүнүн өсүшү 2,5 процентти түзгөн. Алтын кенин өндүрүп алуу "Кумтөр" ишканасын эсек албаганда, өнөр-жай продукцияларын өндүрүү 14 процентке өскөн. Өндүрүүнүн жандануусу тамак-аш өнөр-жайы жана электрэнергетикасына байланыштуу. Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, жарым жыл ичинде республикада 16,3 миң жаңы чарба жүргүзүүчү субъекттер каттоодон өтүшкөн. Алардын ичинен 62,6 проценти айыл-чарбасында түзүлгөн. Сооданын үлүшү 15,9 процентти түзөт, кызмат көрсөтүүлөргө жана кайра иштетүү өнөр-жайына тиешелүүлүгүнө жараша, 6,2 жана 4,2 процент туура келет.

4. 4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2003-жылдын экинчи кварталында 2003-жылдын 27-майындагы №16/3 "Милдеттүү резервдик талаптарды эсептөө үчүн колдонулуучу, доллардын алмашуу курсу жөнүндө" токтомун кабыл алган. 2003-жылдын 2-июнунан 28-сентябрына чейинки мезгил ичинде милдеттүү резервдик талаптарды эсептөөө үчүн АКШ долларынын курсунун мааниси 1 АКШ доллары үчүн 41,4 сом деңгээлинде белгиленген.

4.2. АКЧА-КРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети акча-кредиттик чөйрөдө ыкчам чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Комитет чечимдерди жумалык негизде кабыл алат жана алар финансы рынокторунда түптөлүп жаткан абалга баа берүүгө негизденет. Операциялардын көлөмү комитет тарабынан банк системасынын жана салык-бюджет чөйрөсүнүн абалын эске алуу менен ошондой эле, социалдык-экономикалык программалардын жана 2003-жылга карата акча-кредиттик саясаттын негизги багыттарында белгиленген акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жараша аныкталган.

2003-жылдын экинчи кварталында, атап айтканда апрель айында банк системасындагы ликвиддүүлүктүн жалпы деңгээлинин төмөндөөсү катталган. Улуттук банк ликвиддүүлүктүн төмөндөөсүнө байланыштуу коммерциялык банктарды рефинансылоонун көлөмүн арттырган. Алып көрсөк, 1192,4 млн. сом суммасында "овернайт" кредиттери берилген, бул үстүбүздөгү жылдын биринчи кварталындагыга салыштырганда 41 процентке көбүрөөк. Коммерциялык банктарга баалуу кагаздарды сатуу боюнча РЕПО-операцияларынын көлөмүнүн кыскаруусу банк системасындагы ликвиддүүлүктүн төмөндөөсүнө алып келген. Алардын көлөмү өткөн кварталдагыга салыштырганда 309,3 млн. сомдон 20 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Улуттук банктын валюталарды сатып алуу/сатуу боюнча операциялары валюта рыногундагы опе-

рациялардын жалпы көлөмүнүн 47 процентин түзгөн. Улуттук банк 850 миң АКШ доллары өлчөмүндө чет өлкө валюталарын сатып алуу боюнча СВОП-операцияларын жүзөгө ашырган, бул өткөн кварталга караганда 85 процентке көп. Үстүбүздөгү жылдын экинчи кварталында чет өлкө валютасын таза сатып алуу 9,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 2002-жылдын экинчи кварталындагы көлөмүнөн эки эседен көбүрөөккө ашкан

4.3. 2003-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ КВАРТАЛЫ ИЧИНДЕГИ ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ ИЛИКТӨӨЛӨР ЖАНА 2003-ЖЫЛДЫН ҮЧҮНЧҮ КВАРТАЛЫНА БОЛЖОЛДООЛОР

Экономикада өндүрүштүн түшүшү 1995-жылы эң төмөнкү чекке жеткен. 1996-жылдан тартып ички дүң продукциясынын өсүшү катталган, 1998-жылдагы оорчулуктун кесепетинен анын арымы басаңдаган. Төмөндөө процессинин токтошу структуралык реформаларды жүргүзүүгө байланыштуу болгон, натыйжада, экономиканын жеке сектору түптөлгөн. Эң оболу бул, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө, андан соң жеке сектордун пайда болуу процесси айыл жеринде башталган. Албетте буга, жер-агрардык реформалардын жүргүзүлүшү да түрткү берген. Өндүрүштүн түшүү абалынан чыгуусуна инвестициялар да тааси-рин тийгизген. Инвестициялар жаңы технологияларга байланыштуу жаңы өндүрүрштүк капиталдын түптөлүшүнө өбөлгө түзгөн. Негизинен алар тике жана портфелдик чет өлкө инвестициялар формасында болгон. Мамлекеттик программалардын чегиндеги инвестициялар өндүрүштүк жана социалдык инфраструктураларды колдоо жана аларды өркүндөтүү, мамлекеттик башкаруунун сапатын жакшыртуу мүнөзүндө жүргөн. Ошону менен бирге эле, жеке сектордо ички булактардан капитал топтоо процесси жүргөн. Жеке сектордун жана инвестициялардын пайда болуусу иш менен камсыз болуунун кыскаруусу менен айкалышта, өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнүн артышына алып келген.

Өндүрүрмдүүлүктүн жогорулоосу, деңгээли анчалык жогору болбосо да айыл-чарба азык-түлүгүн өндрүүдө айрыкча көрүнгөн. Ага негизги салымды фермердик чарбалар кошкон. 2003-жылы аба-ырайынын шарттарынын ыңгайсыз болушуна байланыштуу, айыл чарбасында айрым-бир төмөндөө жүргөн, ошондой болсо да, анын орду өнөр-жайы жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү менен толтурулган.

Ички дүң продукциясынын өсүшүнө олуттуу салымды "Кумтөр" алтын кенин казып алуу комбинаты кошкон. 2002-жылы анын өндүрүшүнүн төмөн-

дөөсү ички дүң продукциясынын кыскаруусуна алып келген. Ошондой болсо да, 2000-жылды эске албаганда, 1999-жылдан тартып алтындын кошумча наркын кошпогондо, ички дүң продукциясынын өсүш арымы өсүштүн жалпы арымынан артып турган. Сунуш жагынан, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн, атап айтканда бул багытты статистикада камтуу эң эле кыйындыкка тургандыгына карабастан сооданын өнүгүшүн баса белгилеп кетүү зарыл.

Улуттук валютага суроо-талаптын туруктуулугу соодалык жана өндүрүштүк ишкердиктин кеңейип жаткандыгы менен да тастыкталууда. Ал чөйрөнүн кеңейүүсүнө жана рынокто жаңы товарлардын пайда болушунан улам, акчалай эсептешүүлөрдүн санынын артышына байланыштуу. Мунун мисалы катары пайдубалы түптөлүп келе жаткан жер рыногун атоого болот. Микрокредиттөөнүн жана микрокаржылоонун өнүгүшү да чогу алгандагы суроо-талаптын кеңейүүсүнө өбөлгө түзүүдө. Бул товар өндүрүүгө адамдардын тартылып жаткандыгын, натыйжада алар киреше алуу менен аны товарлардын тигил же бул түрүн сатып алууга пайдаланышы мүмкүндүгүнө да байланыштуу.

Чогу алгандагы суроо-талап керектөөчүлөрдүн ар кандай эки тобу менен аныкталат. Калктын негизги массасынын керектөөсү дээрлик көбөйбөйт. Ошону менен бирге эле, импорт улам артууда, бул, керектөө товарларын ташып келүүнүн эсебинен да жүрүүдө. Бул жагдай, көбүрөөк киреше алган керектөөчүлөрдүн тобунун суроо-талабынын күчөшүн түшүндүрөт. Албетте, учурда бул эч кандай коркунуч туудурбайт. Ушуну менен бирге эле, рыноктук ыкмаларды колдонуу менен жергиликтүү продукцияларды өндүрүүгө жана керектөөгө колдон келишинче колодоо көрсөтүү зарыл. Микрокредиттөөнүн чегинде ишкердиктин түрүнө жараша кредиттерди бөлүштүрүүнүн тенденциясы өзүнө көңүл бурууда. Мында, каражаттардын ири бөлүгү соода кылуу чөйрөсүнө берилген. Бул тенденция, экономиканын ремонетизияланышы процессинин башталгандыгын чагылдыргандыктан, мунун эч кандай деле коркунучу жок. Сооданын өнүгүшү акчаны пайдалануу чөйрөсүнүн, рынок экомикасынын кеңейип бара жаткадыгын тастыктайт.

Улуттук валютага карата суроо-талаптын бекемделүүсү жана экономикалык жагдайлардын жакшыруусу сомдун АКШ долларына карата курсунун динамикасы менен делилденүүдө. Чет өлкө валюталарынын агылып кирүүсү же улуттук валютанын салыштырмалуу тартыштыгы номиналдык түрүндө алганда сомдун бекемделүүсүнө таасирин тийгизген факторлордун бири. Ал эми, улуттук валютанын туруктуу курсунун динамикасы экономиканын чыңда-

лып бара жаткандыгынын далили.

Негизги өнөктөш өлкөлөргө салыштырганда инфляциянын кыйла төмөн болуусу улуттук валютанын номиналдык түрүндө чыңдалуусу менен анын реалдуу алгандагы курсунун ортосундагы бир аз ажырымдын ордун толтурууга мүмкүндүк берген. Сомдун реалдуу эффективдүү курсу 2003-жылдын экинчи кварталында бир аз чыңдалуу менен туруктуу сакталып калган. Кыргызстандын экспорту сомдун реалдуу эффективдүү курсуна карата ийкемдүүлүгү төмөн, ошондуктан, ал курстун өзгөрүүсүнө анчалык деле таасирденген эмес. Айрым товардык топтор боюнча импорт улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсүнө кыйла ийкемдүү. Биринчи кезекте бул керектөө товарларына тиешелүү. Чынында эле, керектөө товарларынын импорту көбөйүп бара жатат.

Акча сунушу мурдагыга караганда акырындап жүрсө да, улам көбөйүүдө. Бюджеттин чыгашаларынын анын кирешелеринен артышы жана Улуттук банктын чет өлкө валюталарын сатып алуу боюнча интервенциялары жүгүртүүдөгү накталай акчалардын өсүшүн шарттаган. Экинчи квартал ичинде улуттук валютадагы сыяктуу эле чет өлкө валютасындагы кредиттердин өсүшү жүргөн. Мында, улуттук валютада берилген кредиттердин өсүш арымы июнь айында чет өлкө валютасындагы кредиттердин өсүш арымынан олуттуу ашкан. Бул жерде, кредиттердин структурасында керектөө кредитинин, атап айтканда, турак-жай сатып алууга жана курууга берилген кредиттердин өскөндүгүн баса белгилеп кетүү зарыл. Бир нече жолу баса көрсөтүлүп кеткендей, турак-жай курулушу экономиканын өнүгүшүнүн эң таасирдүү жана кубаттуу инструменти болуп саналат.

Валюта рыногундагы туруксуздук АКШ долларынын курсунун туруктуу жана жетишээрлик тез арымда төмөндөөсүнөн көрүнгөн жана ал чет өлкө валютасындагы депозиттердин белгилүү бир агылып чыгуусуна түрткү берген. Мында, аманат салуучулар долларды андан ары да түшүп кетүү коркунучунан кооптонушкан болсо керек. Бирок, буга карабастан, доллар жыйым топтоо каражаты катары позициясын сактап турууда.

2003-жылдын экинчи кварталында керектөө баалары өсүш арымын басаңдаткан. Бул, рынокто жаңы түшүмдөн алынган азык-түлүк товарларынын пайда болушу менен шартталган. Азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа айрыкча, алмашуу курсунун динамикасы менен аныкталган. Ушул басылманын өткөн чыгарылышында болжолдонгондой эле үстүбүздөгү жылдын биринчи кварталындагы инфляциянын көтөрүлүп кетүүсү кыс-

ка мөөнөттүү сезондук мүнөзгө ээ. Макроэкономикалык абал туруктуу сакталып турууда. Коньюнктуранын кескин өзгөрүлүп кетүүсү үчүн эч кандай өбөлгөлөр жок.

Улуттук банктын кварталдык болжолдоолорун жана инфляциянын иш жүзүндөгү маанисин анализдеп көрүү, эрежедегидей эле, болжолдоолор фактыга туура келбей тургандыгын көрсөтүүдө. Бул, терс факторлорду өтө эле жогору баалоо жана позитивдүү факторлордун жетиштүү деңгээлде бааланбай калгандыгына байланыштуу. Бул жерде инфляциялык күтүүлөрдүн ашкере баалап жиберүүлөрдү түшүнүүгө болот. Чынында эле, өткөндө инфляциянын күчөшү дароо эле туруктуу инфляциялык күтүүлөрдүн түптөлүшүнө алып келген. Учурда, ар кандай таасирлерге экономиканын туруштук бере алуусу бир аз бекемделген, бул инфляциялык күтүүлөрдүн кыйла деңгээлде туруусунан көрүнүүдө. Анткени, инфляциянын биринчи кварталдын акырында жана экинчи кварталдын баш жагында бир аз көтөрүлө калуусу күтүүлөрдүн өсүшүнө алып келген эмес.

Инфляция динамикасына бир катар факторлор көбүрөөк таасирин тийгизет. Жогоруда белгиленип кеткендей, экономикада позитивдүү өзгөрүүлөр: экономиканын жеке секторунун түзүлүшү, өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгү артышы сыяктуу өзгөрүүлөр жүргөн. Улуттук банк тарабынан анчалык бааланбай келген факторлордун бири болуп, өндүрүмдүүлүктүн артышы саналат. Иш менен камсыз болуунун динамикасы, инвестициялардын агылып кирүүсү жана жаңы технологиялардын ишке тартылышы анын себебинен болгон.

Ал эми башка ушундай эле шарттарда өндүрүмдүүлүктүн өсүшү баанын деңгээлинин төмөндөшүн түшүндүрөт. Трансформациялануунун алгачкы жылдары инфляциянын төмөндөөсү негизинен номиналдык негизди пайдаланууну жана чогуу алгандагы суроо-талаптын токтолуп турушунун эсебинен жүргөн, учурда, чогуу алгандагы сунуштун кеңейүүсү орун алууда. Бул чогуу алгандагы суроо-талаптын артышы үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Башкача айтканда, өндүрүмдүүлүктүн кыйла жогору болуусу эмгекке төлөөнү эч кандай кыйынчылыктарсыз көбөйтүүгө түрткү берет.

Болжолдоолордо камтылган негизги тобокелдик катары сезондук факторлордун тереңдигин жана тышкы сооданын динамикасын атоого болот. 2003-жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын төмөндөө арымы 1,3-1,5 процент чегинде болоору болжолдонууда.